УДК: 801.81:398

Абдыкеримова А.Э., Тиленова А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ,*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# СООРОНБАЙ ЖУСУЕВДИН «КУРМАНЖАН ДАТКА» РОМАНЫ – ЫР ТҮРҮНДӨГҮ РОМАНДАРДЫН КӨРҮНҮКТҮҮ ҮЛГҮСҮ

*Макалада С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр түрүндөгү романы, анын сюжеттик-композициялык түзүлүшү, негизги каармандарынын образдары талдоого алынат.*

***Негизги сөздөр:*** *ыр түрүндөгү роман, Курманжан, Алымбек. датка, эл, тагдыр, азаттык, күрөш.*

*В статье анализируется роман в стихах С.Джусуева «Курманжан датка», его сюжетно-композиционное строение, образы основных героев.*

***Ключевые слова:*** *роман в стихах, Курманджан, Алымбек, датка, народ, судьба, независимость, борьба.*

*The article analyzes S. Dzhusuev's novel in verses "Kurmanzhan-datka", its plot and compositional structure, and images of the main characters.*

***Key words:*** *novel in verse, Kurmanjan-datka, Alymbek, people, fate, independence, struggle.*

Кыргыз адабиятында ыр түрүндөгү роман жанры XX кылымдын 30-жылдарында А.Токомбаевдин «Кандуу жылдары» менен түптөлгөн. Өзүнө прозалык романдын эпикалуулугун жана эпикалык поэманын белгилерин камтыган бул жанр улуттук адабиятыбызда абдан дүркүрөп өнүгүп кетпесе да, бир катар олуттуу чыгармалар жаралган. Аларга А.Токомбаевдин аталган романынын оңдолгон варианты болгон «Таң алдында» тышкары, А.Токтомушевдин «Алтын-Тоо», О.Султановдун «Адамдын турмушу», С.Жусуевдин «Курманжан датка» жана «Исхак Раззаков», Э.Эрматовдун «Мухаммед пайгамбар» чыгармалары кирет. Биз бул макалада С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр түрүндөгү романы тууралуу сөз кылууну туура көрдүк.

Айтылуу «Алай ханышасы» Курманжан датка боюнча көптөгөн эмгектер басма беттеринде жарык көргөн. Мисалы, Т. Касымбеков «Келкел» романында датканын көркөм элесин тартса, бир катар жазуучу-тарыхчылар эмгектеринде анын коомдон алган ордун баса белгилеп беришкен. Ал эми датканын өмүр жолун ийне-жибине чейин калтырбай тизип баяндаган акын С.Жусуевдин эмгеги өзгөчө оозго алынарлык. Бай тажрыйбага ээ болгондон кийин гана ал бул тарыхый инсанды жазууга батынды. Мындай көлөмдүү жана терең чыгарманы жазуу үчүн бир топ жылдар бою керектүү материалдарды жыйнап, көп камылга көргөндөн кийин 1989-жылдан баштап, 1992-жылы бүткөн. Андан кийин да романдын кол жазмасын баштан аяк карап, зарыл оңдоолорду киргизип, кошумчаларын кошуп, басмага даярдоого бир топ убакыт жумшап, 1994-жылы басмадан чыккан.

Чыгарма жеке эле кыргыздар эмес, бүткүл Борбор Азия элдеринин тарыхында «датка» деген бийик даражаны алган, кийин орустар тарабынан «Алай ханышасы» (Алайская царица) деген ардактуу наамга ээ болгон саясатчы ишмер, акылман энебиз Курманжан датканын өмүр жолуна арналган.

Романда жеке адамдын өмүр баяны кыргыздар менен карым-катышта, тыгыз мамиледе болгон элдердин жашоо турмушу, коомдук-саясий, социалдык абалы менен бирдикте чагылдырылган. Роман эң татаал форма болгон жети саптуу сонет формасында жазылган. Мындагы эң негизги өзгөчөлүк: романда тарыхчылардын тиши өтпөгөн татаал маселелерди автор поэзиянын тили менен чечип бере алган. Себеби С.Жусуев «датка айымдын» ички дүйнөсүн, тереңге катылган ойлорун чечип берүүгө жетишкен. Курманжан аялзатынан чыккан ашкан акылман, даңкы таш жарган, чыгармага материал болууга толук татыктуу инсан. Өкүнүчтүүсү, 1917-жылдан 1990-жылдарга чейин партиялык бийлик тушунда Курманжан сыяктуу инсандарга көңүл бөлүнбөй, көмүскөдө калып, кийинки муундарга көп маалымат жеткен эмес.

80-жж. аягында гана С.Жусуевге Курманжан жөнүндө чоң эпикалык плотно жазууга толук эркиндик берилип, чыгармачылык максатын ишке ашырууга шарт түзүлгөн.

Чыгарма токсон алты жаштагы Курманжан датканын Мадыдагы балдарын көрүү үчүн сапарга аттанганы менен башталат:

Бирок датка курчу кеткен көзүнүн,
Сезип барат ушул кыштай өзүнүн,
Өмүрүнүн кышы келип турганын…

Бул башталууну символикалуу деп айтсак болот. Бекеринен акын кычыраган кыштын кар жамынган көркүн сүрөттөбөсө керек. Себеби Курманжан датканын жазгы күндөй жаркыраган жаштыгы эбак өтүп, өмүрүнө кыш кирген. Бул анын эң акыркы сапары болчу.

Роман Курманжандын бүтүндөй өмүр жолун, ойноок, тентек, шайыр кыз кезинен баштап, токсон алты жаш курагына жетип, байбиче болгон учуруна чейинки турмушун сүрөттөөгө арналган. Ошону менен бирге Түштүк Кыргызстандагы тарыхый окуяларды, ал окуяга тикеден-тике катышы бар инсандардын образын көркөм ыр саптары менен ачып берүүгө да көп аракет жумшаган.

Курманжандын өмүрүнүн алгачкы жылдары ошол мезгилдеги көпчүлүк кыргыз кыздарына окшош, башкача айтканда, ал да күч менен күйөөгө узатылган. Бирок ал биринчи жолу кыргыз салтына каршылык жасап, барган жеринен качып кеткен. Бул мурда эч болуп көрбөгөндөй окуя эле. Мүмкүн, ал ошондо эле анын өзгөчө инсан экендигин кабар бергендир.

Ойноок бала чагы, андан соң бой жеткен селки ата-эненин сөзүн кыя албай, Кулусатарга келин болуп кетип баратып, жол боюндагы Жылуу-Булакка токтоп, «кайда кетсем, мени кайра алып кел, калкан болуп сактай жүргүн жанымды!» - деп сууга кайрылат. Бирок бул салт алдында алсыз аялзатынын аргасыз кайрылуусу болчу. Барган жеринде:

Бир карады – кызга жигит жакпады,
Шек билдирбей, сырын ичке сактады,
Күйөө эмес, Курман мында бак көрчү – деген саптар менен Курманжан күйөө сөрөйдү сындын элегинен өткөрүп да, өз бүтүмүн чыгарат. Ошентип, келин ал үйдөн качып кетти. Ошондогу кызга карата айтылган ачуу сөздөр да анын намысын басмырлай алган жок.

Кокон билермандарынын бири болгон Алымбек тентек кыздын жоругу үчүн бир көрүүгө кызыгат. Адеп көзүнө көрүнгөн үй жасалгалары анын ашкан уз, сарамжалдуу жан экендигин көрсөтөт. Кирип келгенде айжамал кыздын чырайы да андан бетер көңүлүн бурат. Кийин сүйлөшө келгенде анын тегин кыз эместигин билип, мындай акылы артык жанды колдон чыгарбаш үчүн «өмүрлүк жар болуп бербейсиңби?» -деп колун сурайт. Ошондо кыз Курман ага төмөнкүдөй талап коёт:

Кемибесе сиздин намыс, арыңыз,
Жалаң гана болбой сиздин жарыңыз
Болсок кантет маселечи, кеңешчи?..

Мындай шартка датка макул болуп, бир жылдан соң бардык каада-салты менен Алайга алып кетет. Курманжан датка Алайга келин болуп келгенден кийин өзүнүн парасаттуулугу аркылуу элге жагып, көп жактары боюнча башка ургаачылардан айырмаланат.

Курманжан Алымбек менен үй-бүлөлүк турмушту баштап, биринчиден, өзүнүн сарамжалдуулугу менен Алымбекти ыраазы кылса, экинчиден, тез эле алайлыктардын купулуна толуп, урмат-сыйга ээ болуп, кожоюнунун ишенимдүү кеңешчисинин деңгээлине жетет. Бизге белгилүү болгондой, Алымбек Кокон хандыгындагы саясий күрөштөргө катышып, хандын эң жакын жигиттеринин бири болгон. Ошондуктан Курманжандын дүйнөгө болгон көз карашы, кулк-мүнөзүнүн өзгөрүшүнө өтүп жаткан саясий окуялар зор таасир эткен. Эл ичинде тез эле кадыр-барк тапкан Курманжан жары Кокон шаарында өз кызматын аткарып жүргөн мезгилде анын ордун басып, алайлык кыргыздарды башкарып

турган. Бул анын акылман тетиктигин, адамдык парасатынын күчтүү экендигин айгинелейт. Курманжан тоолук элдин турмушундагы ар кыл маселелерди, кээде барып турган өтө татаал маселелерди да өзү чечүүгө туура келген. Ошондуктан алайлыктар аны Алымбек даткадан кем көрбөй, ар кыл арыз-муңдарын айтып, чечип берүүнү суранышып Курманжанга кайрылып турушкан.

Романда Алымбектин образын ачууда да андан кем эмес көңүл бөлүнгөн. Ал даражага ышкылуу, мансапкор, тайманбас эр, ошол эле учурда кыраакы башкаруучу катары элдик киши болуп сүрөттөлөт. Бирок анын пенделик кемчилиги – анын Кокон хандыгын башкаруучулардын алдыңкыларынан болгусу келгендиги. Курманжан Алымбек датканы канчалык сыйлаган менен, анын мындай сапаттарын анча жактыра бербеген. Мансаптын түбү жакшылыкка алып барбасын дайыма эскертип турган. Курманжандын образы күйөөсү Алымбек датканын образы менен айкалышып, а түгүл карама-каршылыкта өнүгүп жүрүп олтурат. Бул инсандардын эң алгачкы пикир келишпестиги Курманжандын жаңы келин болуп келип, эл оозуна алынган мезгилинен башталат. Ага ичи күйгөн Алымбектин туугандары даткага тескери кабарларды жеткирип, каары кайнаган Алымбек Кокондон келип Курманжанга кермек, кекээр сөз айтат. Буга туугандарынын:

Алымбектин кайда кеткен акылы,

Адамдарды бийлеп алды катыны - деген сөздөрү сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете жаздаган. Ошон үчүн шашылып келгенин сезген Курманжан астына даам коюп, төмөнкүдөй жүйөөлүү сөздөр менен датканы уят кылат:

Мен барк алсам, демек сиздин баркыңыз,
Аракетим – сиздин ишти колдомой,
Ак дилимден сиздин жолду жолдоймун,
Асыл даткам ачууңуздан кайтыңыз.

Мындай жүйөөлү сөзгө датка жумшарып, Курманжандын ташты эриткен сөзүнө таң калганы романда жакшы берилген.

«Коога артынан коога» бөлүмүндөгү ханга каршы козголоңдо бийлик талашкан Алымбекти Мусулманкул жолдон алып салаарда Курманжан алдын-ала сезип, Закир аттуу ишенимдүү жигитинен дасормолун берип жиберет. Бирок датка акылман жарынын коогосын тоготпой койгондо, шарапка уктатуучу дары берип алып калат. Ойгонгон датканын кетем деген оюна да койбой: «Жок дегенде балдарыңдын кашында болуп, элиңиздин абалын байкап, Алайдагы бийликти да бекемдеңиз» - деп өтүнөт. Жарынын сөзүн кыя албаган датка эл аралап бейкапар жүргөндө, төмөнкүдөй кабар жетет. Көрсө, Мусулманкул козголоңду басып, Алымбекти издеткени, ага кошулуп ишенген кишилери Болот, Сейит да кошо издешкени Алымбектин эсин эки кылат, Курманжанга болгон урматы ого бетер артат. Бул арада Кокон хандыгында бир окуя болуп өтөт. Такта турган Шералини уу берип жайлаган соң такка Муратхан келет. Бирок он күн өтпөй, Мурат тактан куулуп, Мусулманкул тапкан Шералинин уулу жаш Кудаяр такка олтурат. Ал жаш болгондугу үчүн мамлекетти Мусулманкул башкарат. Болор-болбос себептерге байланыштуу Алымбекти кысымга алып, өлтүрүүгө буйрук берет, жалгыз гана Курманжандын эрдигинин, даанышмандыгынын аркасында Алымбек өлүмдөн куткарылат. Мындай даанышман аялзаты Алымбектин негизги кеңешчиси, тиреги болуп калат. Ал Алымбектин кемчиликтерин тайманбай айтып, дайыма оң жолго салып тургандыгын акын романда ишенимдүү баяндоого жетишкен. Алсак, датканын Кашкардагы козголоңго катышканына жаны ачып, төмөнкүдөй ачуу сөздөрдү айтат:

«Жалаңга!» деп айтсам, кирип жаңгилге,
«Тегизге!» деп айтсам, түштүң аңгилге,
«Бурулбаңыз!» десем, салып терс жолго,
Түшкөнүңүз түз кетүүчү даңгелге.
Узун жолду көп байкабай баратып,

Урулбаңыз өткүр миздүү маңгилге!..

Мында Курманжандын датка күйөөсүн жемелегени орундуу берилген. Даткага жарынын ачуу сөзү көп тийсе да, акыры келип ал күнөөлүү экенин сезбей койгон эмес. Бирок бийлик кумары аны Кокондун кан жыттанган ордосуна алпарат. Тактап айтсак, Кудаярды тактан кулатып, ордуна Малаханды олтургузуп, бийликтин анык төрүнө чыгат. Алымбек көксөп жүргөн тилеги ишке ашат, Малахандан кийинки адам болуп, бийликке чөмүлөт. Эки жыл өтпөй Малахан орустарга каршы жүрүш жасоого чакырат. Ошондо Алымбек датка атайын ат арытып, асыл жарынын кеңешин укканга зарлап келет. Датка айым Алымбекке элдин убалына калбаңыз деген кеңеш берет:

Хан алкышы, калк алкышы бийикпи?
Же сиз калкты, же сиз ханды тандаңыз,
Калыңыз да жалгыз хандын каарына,
Калың журттун каргышына калбаңыз!

Бул сунушту ак сакалдар да колдойт. Ошондо ар дайым атакка умтулган датка элдин, акылман жарынын сөзүнө баш ийип, элди урушка салбастан, аскерлерди артка ээрчитип жөнөйт. Бул кылыгы үчүн бийликтен четтетилип, акыры өзү такка олтургузган хан тарабынан куугунтукталат. Кийин Алымкул колдуу болуп каза табат. Бул алайлыктар үчүн чоң жоготуу болот. Андагы кандуу кагылыштар акын тарабынан чебер жана эмоционалдуу чагылдырылган.

Жылдыгы өткөндөн кийин Курманжандын карасын алган эли ак тилегин айтышып, Алымбек датканын ордун басууга келишим билдиришет. Ошентип, Курманжан бийликти өз колуна алат. Турмуштун не бир кыйынчылыктарын башынан өткөрөт, беш баласын жоготот.

«Аял датка» бөлүмүндө Курманжандын данкы улам көтөрүлгөн сайын, кайрадан такка Кудаярды отургузган Музафар андан чочулап, алдын алып атайын Ошко келет да, ага кымкап чепкен жаптырып, «датка» деген ыйык наамды ыйгарат. Ошондон кийин бир жагынан сес көрсөтүш үчүн жана салык жагынан маселени чечүү үчүн Коконго өзү жөнөйт. Күнөөсүн билген Кудаярхан Курманжанды чоң каада менен тосуп алат. Ошентип, «датка» наамын бир эмес, эки жолу алган Курманжан Алайга жол арытып баратып, мындай ойго термелет:

Даттап ыйлап мен даткамды таппадым,
Датка болдум ордун басып датканын.
Белди байлап келип мен азыр,
Жердин тузун, элдин тузун келет актагым.

Демек, таразалап ойлогон Курманжан өз башына түшкөн эл милдетин сезип, кайраттанып, намыскөйлүк менен эл башкарууну улантат. Андан аркы окуя алайлыктардын козголоңуна барып такалат. Түпкү себеби салык маселесинен чыгат. Жүрүп олтуруп аягы чоң кагылуушуга алып келет. Датка эне бул козголоңдо Закир менен Зухрадан айрылса, балдары Мамытбек менен Асанбеги Абдылдабекке кошулуп качышат. Зухра демекчи, романдын «Дил маеги» бөлүмүндө Курманжанга атайы келип, жүз көрүшүп, узак маектешип сырдашкан өзбек кызы Зухранын образын акын көз алдыга элестеп тургандай даана түзө алган. Курманжан менен ачык сырдашкан бул кыз турмуштагы аялдардын теңдигин камсыз кылууга Курманжан сыяктуу абройлуу, атактуу акылман эл башкарган аялдын алы жетээр бекен, теңсиздиктин азабын тартып жаткан миңдеген ургаачыларга пайдасы тиер бекен деген үмүттүү суроо менен атайы келген эле. Узакка созулган маегинин аягында:

Түптүү дагы, түпсүз дагы адаммын,
Мен бактылуу, мен кор болгон аялмын.
Мелмилдеген эрксиздиктин мухити
Теңсиздиктин мелмилдеген мухити

Андан сүзүп өтүүгө мен чабалмын!.. – дейт. Чындыгында эле, феодалдык коомдо Курманжан сыяктуу аялдар канча кыйын болгону менен, аязатынын теңсиздигин жоюуга же өзгөртүүгө дарамети жетпейт болчу.

Романда «Кызыл өрт» бөлүмүндө кыргыздардын түштүгүндө өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары башталып, улам күч алган жалпы элдик көтөрүлүш жөнүндө акындын баянын окуйбуз. Мына ушул бөлүмдө датканын жай турмушуна дүрбөлөң түшөт. Мындан соң падыша аскерлерине баш ийүүнү каалабай, Кашкарга оойт. Ал жерден Афганистанга оойт. Козголоңду басууга күчү жетпеген Скобелев өзүнүн майору Ионовго Курманжанды таап, аны менен келишим түзүүгө жиберет. Тарыхый маалыматтар боюнча Курманжан: «Мен да генералмын» – деп, майор Ионов менен сүйлөшпөй, генерал Скобелев менен сүйлөшүүнү каалаганын С.Жусуев романында  дал турмуштагыдай сүрөттөгөн. Тарыхта да, адабий чыгармаларда да экөөнүн маеги жылуу маанайда өткөнү айтылат.

Адабиятчы А.Акматалиев белгилегендей, анда Скобелев менен жолугушуусу жөнүндө эле эмес, эки өлкөнүн түйүндүү проблемаларын кантип чечүүнүн жолдорун издеген саясий-тарыхый мааниге ээ окуяга чейин көтөрүп сүрөттөлөт [Акматалиев: 2002, 47]. Ошондуктан С.Жусуев бул эпизодго чоң маани берип, «Шартнама» деген главасын арнаган. Мында шарттын көбүн датка коюп, азаттык үчүн күрөшкө чыккандарды туткундан бошотуп, эли-жерине кайтаруу, ынтымакта жашоо жана башка маселелер боюнча оюн орус генералына таңуулай алган.

Орустар Кокон хандыгын кыйратып, аны да өзүнө багынтты. Түркстанды бүт бойдон көз каранды кылып, падыша өкмөтү өзүнүн баскынчылык саясатынан чоң натыйжага жетишти. Кураманжан датка үчүн «Шартнама» зыяндуу документ болсо да, элди сакташ үчүн андагы шарттарга баш ийүүгө мажбур болду.

«Шартнамадан» кийинки бөлүм «Абдылдабек» деп аталып, датканын Алымбектен кийинки оор жоготуусун баяндайт. Ооганга качкан Абдылдабектер бийлик тарабынан качкындардын үйгө кайра кайтууга уруксаат берилгенин угуп, кайтарда Чотон канкордун колунан жаралуу болот. Бул окуя чоң үмүт менен уулун күтүп жаткан энеге чоң сокку эле. Кайраттуулугунан бул кайгыны да көтөрдү эне. Бирок айымды кайратынан тайдырган эң оор жоготуу Камчыбектин өлүмү болду, себеби ал эч айыпсыз, ак эле да. Камчыбек Ош Кытай жолундагы бажыда иштеген. Орустун эки бажычысын өлтүрдү деген жалган жалаа жабылып, иши аскер сотуна өткөрүлүп, сот аны өлүм жазасына буюрат.

Өзгөчө белгилеп кете турган нерсе, Курманжан датканын эң негизги принциби – өзү башкарган аймактын биримдигине шек келтирбөө эле:

Кан шырылдап, кырылганча миң киши,  
Кантем… кантем… жанын берсин бир киши,

- деп өз баласын өлүмгө өкүм чыгарылышын чыдап күткөнүндө канчалык эрк, акыл талап кылынат.

Өлсөң уулум эркектей өл, эрдей өл!  
Өлөрдө да эч намысың бербей өл! –дейт ал уулуна.

Эненин кайраты Камчыбектеги коркуу сезимин артка түртүп, өлүмгө тике караганы – анык баатырдыгынын мисалы. Атанын ар-намыстуу уулу экендигинин анык үлгүсү. Ошондой кубат, кайрат менен бирге Курманжанга энелик сезимди кантип танабыз. Ал таш болсо да, баласын асып жатканда кантип чыдап карап туралмак эле…

Ошол учурда датка эне карапайым энелерге окшоп кайгы тартып,  баласынан ажыраткандарды каргаганы  табигый көрүнүш.

Ошондо төмөндөгүдөй кошогу берилет:

Кастарым мага окшосун,  
Кайгыга чөмүп боздосун.  
Кууралга салып түбөлүк,  
Кудайым өзү соттосун! -  деп кайгырган эненин азасын бүт Алай эли кошо тарткандай сезим келет.

Курманжан датка өмүрүнүн биринчи жарымында аздыр-көптүр жакшылык көрүп жашаса, өмүрүнүн экинчи жарымында кайгы-муңдан арылган эмес. Тагыраак айтканда, баштагы курч, бийликке тике караган инсандын өмүрүнүн аягы ошентип трагедияга айлангандыгын акын С.Жусуев талантынын бардык күчүн жумшап, окурмандар астында ачып бере алган.

Романдын алгач кириш бөлүмүндө акын «Ушунчалык узун өмүр жолунда, нени баштан өткөрбөдү Курманжан!» – деп баштаса, аягында болсо жарык дүйнө менен коштоошор мезгили келип жеткенин сезип, көкүрөктөгү ойлорун эске салат.

«Мен хан болдум таажысыз да, тактысыз,
Мен жан болдум бактылуу да, бактысыз, - деп келип,
Адегенде Маматбектин кызы элем,
Акырында калдым калкка кыз болуп» - дейт. Курманжан күчтүү арманын төмөнкүдөй билдирет:

Элим билет эң эле чоң арманым,
жүрөгүмдүн тереңинде кеткенин.
Арылбаган ал арманым – көрбөдүм,
бүт кутулуп запкысынан өңгөнүн,
кыргызымдын азаттыкка жеткенин!

Чын-чынына келгенде, Курманжандын эң негизги максаты, өмүрүн бүт арнаган иши ушул болгон .

Ыр түрүндө жазылган бул чыгармада терең ойлорду чагылдырган поэтикалуу саптар көп. Эң негизги өзгөчөлүгү – тарыхый инсандар Курманжан менен Алымбек датканын образдары мурда көпчүлүккө анча белгисиз эпизоддор менен толукталган. Датканын баяны эң жөнөкөй куюлушкан ийкемдүү саптар, салыштыруулар аркылуу жазылып, окурманга толук жеткиликтүү.

Жыйынтыктап айтсак, С.Жусуевдин «Курманжан датка» романы акындын кыргыз адабиятындагы ыр түрүндөгү роман жанрына кошкон чоң салымы болуп саналат. Албетте, кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынын маанилүү этабын чагылдырган бул эпикалык чыгарма – акындын да, аталган жанрдын да өтө маанилүү жеңиши.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Алай ханышасынын ажары. // Zaman Кыргызстан. -1999. -3-17-декабрь.
2. Акматалиев А. Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. Китепте: Акматалиев А. Тандалмалар. –Бишкек, 2002.
5. Артыкбаев К. Сыйлыкка толук татыктуу чыгарма. // Аалам. -1994. -30-ноябрь.
6. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. –Бишкек. 2004.
7. Борбугулов М. Адабият теориясы. –Бишкек, 1996.
8. Жусуев С. Курманжан датка. Ыр менен жазылган роман. –Бишкек: Руханият, 1994.